**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN 1694-7452 e-ISSN: 1694-8610**

№3/2026, 106-115

***САЯСАТ ТААНУУ***

**УДК:** 37.014.52: 37.014.523

**DOI:** 10.52754/16948610_2026_3_9

# СВЕТТИК МАМЛЕКЕТТЕ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

## ВОПРОСЫ РЕЛИГИОЗНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В СВЕТСКОМ ГОСУДАРСТВЕ

## ISSUES OF RELIGIOUS EDUCATION IN A SECULAR STATE

**Козукулов Тимур Алимбекович**
*Козукулов Тимур Алимбекович*
*Kozukulov Timur Alimbekovich*

**саяс.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.пол.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Political Sciences, Associate Professor, Osh State University*
t.kozukulov@oshsu.kg
ORCID: 0000-0001-7480-0025

# СВЕТТИК МАМЛЕКЕТТЕ ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация**

Батышта модернизация доору башталгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин светтик түшүнүгү илимий жана коомдук талкуулардын негизги темаларынын бири болуп келет. Бул принцип заманбап мамлекеттердин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болгону менен, аны түшүндүрүүдө бирдиктүү көз караш калыптана элек. Светтиктик ар кандай теориялык жана дүйнө таанымдык өңүттөн, анын ичинде диний көз караштардын негизинде да чечмеленгендиктен, анын мазмунуна карата ар түрдүү түшүнүктөр орун алган. Илимий адабияттарда светтиктик түшүнүгү негизинен секуляризм жана лаицизм концепциялары менен байланыштырылат. Кыргыз Республикасында 2010-жылдагы конституциялык реформа учурунда «светтик» жана «светтиктик» түшүнүктөрүнө кыргыз тилинде так эквивалент табылган эмес. Ушуга байланыштуу Конституцияда мамлекеттин светтик мүнөзү диндин мамлекеттик башкарууга кийлигишпөөсү аркылуу түшүндүрүлгөн. Светтиктик түшүнүгүн ар кандай чечмелөө Кыргыз Республикасында диний билим берүү маселелеринин көп жылдан бери коомдук талкуунун өзөгүндө турушуна себеп болуп келет. Эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып мамлекет диний билим берүү менен светтик билим берүүнүн өз ара катышынын оптималдуу моделин издеп келет. Жалпы билим берүүчү мектептерде диний маалыматтын кандай формада жана мазмунда окутулушу керек деген маселе бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жогото элек. Бул багытта ар кандай эксперименттик долбоорлор ишке ашырылып, учурда мектеп программасына «Диндердин өнүгүү тарыхы» аттуу окуу предмети киргизилген. Бирок бул предмет боюнча да адистердин жана коомчулуктун арасында ар түрдүү пикирлер айтылууда. Бул изилдөөдө Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде диний билим жана диний маалымат берүү маселелерине карата коомдук көз караштар социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде талдоого алынат.

***Ачкыч сөздөр:*** светтик, дин, диний билим берүү, диний маалымат, Кыргызстан

***Вопросы религиозного образования в светском государстве***

**Аннотация**
С начала эпохи модернизации на Западе и до настоящего времени понятие светскости остается одним из ключевых предметов научных и общественных дискуссий. Несмотря на широкое распространение данного принципа в современных государствах, единого подхода к его пониманию не существует. Светскость рассматривается с различных теоретических и мировоззренческих позиций, в том числе через призму религиозных взглядов, что обусловливает разнообразие ее трактовок. В научной литературе понятие светскости связывают с двумя фундаментальными концепциями — секуляризмом и лаицизмом. В ходе конституционной реформы 2010 года в Кыргызстане не было найдено точного кыргызского эквивалента терминам «светский» и «светскость». В связи с этим в Конституции светский характер государства был раскрыт через положение о том, что религия не вмешивается в государственное управление. Различные подходы к пониманию светскости стали одной из причин продолжительных общественных дискуссий по вопросам религиозного образования в Кыргызстане. С момента обретения независимости государство находится в поиске оптимальной модели взаимодействия светского образования и

***Issues Of Religious Education In A Secular State***

**Abstract**
Since the beginning of the modernization era in the West, the concept of secularism has remained one of the central subjects of academic and public debate. Although secularism is recognized as one of the fundamental principles of modern states, there is no universally accepted definition of the concept. It is interpreted from various theoretical and ideological perspectives, including religious viewpoints, resulting in diverse understandings of its nature and scope.
In academic literature, secularism is commonly associated with the two fundamental concepts of secularism and laicism (laïcité). During the constitutional reform in the Kyrgyz Republic in 2010, no precise Kyrgyz equivalent was found for the terms secular and secularism. Consequently, the secular character of the state was defined in the Constitution through the principle that religion does not interfere in state governance. Different interpretations of secularism have contributed to the ongoing public debate on religious education in the Kyrgyz Republic. Since gaining independence, the country has been seeking an optimal model for balancing secular education with religious knowledge. The question of how religious information should be taught in general education schools remains highly relevant. Various pilot projects have been implemented in this area, and the

религиозных знаний. Вопрос о том, каким образом религиозная информация должна преподаваться в общеобразовательных школах, остается актуальным и сегодня. За этот период были реализованы различные экспериментальные проекты, а в школьную программу введен предмет «История развития религий», который также вызывает неоднозначные оценки среди специалистов и общественности. В настоящем исследовании на основе результатов социологического опроса проводится анализ отношения к преподаванию религиозных знаний и религиозной информации в общеобразовательных школах Кыргызстана.

***Ключевые слова:*** светскость, религия, религиозное образование, религиозная информация, Кыргызстан

school curriculum now includes the subject "History of the Development of Religions." However, this subject continues to generate differing opinions among scholars, educators, and the general public. This study analyzes public attitudes toward religious education and the provision of religious information in general education schools of the Kyrgyz Republic based on the results of a sociological survey.

***Keywords:*** secularism, religion, religious education, religious information, Kyrgyzstan

**Киришүү**

Кыргызстан өтмүшүн СССРдин карамагында 70 жылдык өмүрүн өткөрдү. Ошону менен бирге дин коомдон узакташтырылып коммунисттик идеологиянын өзөктөрүнөн бири болгон атеизм кеңири кулачын жайылтканга аракеттер жасалган. Динге катуу тыйуу салынганы менен ал коомдун аң сезиминен чыгып кетпеген. Жалпысынан дин тыйу салынган менен айыл тоолордо динди үйрөнүп жашап келишкен. Мейли ал индивидуалдуу болсо дагы дин бар болгондугун көрсөтөт. СССР доорунда кыргызстанда бир да диний билим берген окуу жайы болгон эмес. Диний билим берген мекеме орто азияда экөө болгон. Ал диний билим берүү мекемелери азыркы өзбекистандын аймагында жайгашкан. Бухара шаарында Мирараб медресеси жана Ташкент шаарында Бухарий атындагы ислам институту. Бул диний билим берүү мекемелери СССР учурундагы Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын диний башкармалыгына караштуу болгон. Ал учурда кыргызстан, казакстан, тажикстан, түркменистан жана өзбекистанда казыяттар болгон. Ал казыяттар Орто Азия жана казакстан мусулмандарынын диний башкармалыгына баш ийип турган, тагыраак айтканда карамагында болгон. Мына ошндуктан жогорудагы эки диний билим берүү мекемелери беш өлкөнүн жападан жалгыз окуу жайлары болуп эсептелген. СССР доорунда Бухарадагы Мирараб медресесине жылына 12 гана угуучу кабыл алынгандыгы айтылууда. Бул боюнча Жалал-Абад облусунун экс-казысы Абибилла Бапанов Мирараб медресесине кирүү үчүн 4 жыл катары менен кайра кайра тапшырып жатып араң төртүнчү иретинде кире алгандыгын жана жыл сайын 12 гана студент кабыл алынгандыгын айткан (Kozukulov, 2020: 14). Демек СССР доорунда диний билим берүү маселеси кеңири кулачын жайбагандыгын айтууга болот. Ошондой эле катуу текшерүүдөн гана өтүп, андан кийин эсептелүү гана студенттин кабыл алынуусу диний билим берүү катуу көзөмөлдөнгөндүгүн белгилеп кетүү керек. Аны менен бирге айылдарда аймакка таанылган, аты чыккан молдолор болгон. Ошол молдолордон жекелик түрдө Үжрө системасы менен диний билим алгандар да болгон. Ошол учурда Үжрө системасында билим алып дин адамы болгондор учурда да диний жаатта эмгектенип келүүдө. Алардын катары аста секин суюлуп баруда. Үжрө системасында таалим алгандар белгилүү китептер менен гана чектелип, бетме бет жекелик түрдө билим алышкан. Учурда ошол СССР доорунда Үжрө системасы менен диний таалим алгандар өздөрүн салттуу исламдын өкүлдөрү эсептешип, диний жагдайды жөнгө салуучулардын ээси катары карашат. СССР таркагандан кийин диний билим алууга эркиндик берилип ар тараптуу жагдайдан таалим алган муундагы пайда болду. Жогоруда белгиленген муундардын ортосунда диний көз караштан улам кайчы пикирден улам келишпестиктер болууда. Учурда диний билим берүү кандай болуш керек деген суроо дагы деле актуалдуу жана чечими табыла элек. Бул дискуссия светтик түшүнүктүн негизинде жүргүзүлүүдө.

**Секуляризм, лаицизм жана светтик түшүнүктөрүнүн теориялык негиздери**

Маалым болгондой эле мамлекетти башкаруу үч түрдүү түзүлүштөн турат. Алар президенттик, парламенттик жана теократиялык. Секуляризм түшүнүгү башкаруу режими менен байланыштуу мамлекеттердин саясий-коомдук аң-сезимине жараша болот. Ар бир мамлекет өздүк саясий-коомдук маданиятынын унгусунун негизинде ага карата мамиле жасай тургандыгы талашсыз. Биз бул изилдөөдө секуляризм теориясы ишке ашпайт же аны жокко чыгаргандардын гипотезасына жандоо менен карайбыз. Изилдөөчү Бергер, секуляризм теориясын жактагандардын оюу боюнча коом канчалык модерндешсе ал динден

ошончолук узак болот (Berger P.L., 2002: 75) деген көз караште болгонун белгилейт. Ал эми Родней Старк өз изилдөөлөрүнө таянып мындай жыйынтык чыгарат: Секуляризм теориясын жактагандар христиандык менен гана байланыштырбай дүйнөлүк феномен катары кароосу чоң жаңылыштык болгон. Себеби, мусулмандардын Аллахы менен иудейлердин Яховасы “кызыктуу тарыхый эскерүү” гана болуу тагдырына кошушту. Бирок аны мусулмандарга кантип болорун түшүндүргөн жок (Stark, 2002: 41). Ал эми Хадден болсо төрт пункттан турган секуляризмдин ишке ашпоосу боюнча сындарын төмөнкүдөй белгилейт: 1. Секуляризм теориясы логикалык түзүлүшү жагынан өз ичинде алсыз. Негизсиз пикирлердин чар-жайтытыгынан куралган. 2. Жыйырма жылдан ашык аткарылган изилдөөлөрдүн натыйжасы секуляризмди колдобойт. 3. Жаңы диний кыймылдар секулярдашты деген өлкөлөрдө пайда болду жана учурга чейин жок болбой өмүрүн сүрүп келүүдө. 4. Дин учурда саясий аренада абдан маанилүү күч катары орун алууда (Swatos, 2002: 97-98). Светтик сөздүн синоними катары секуляризм колдонот. Орус адабияттарында да “светскость”/ (“светский”) сөздөрү секуляризмдин синоними экендигин Джули Макбрайендин (Mcbrien, 2017; Макбрайен, 2023) китебинин орус тилиндеги “От секуляризма к исламу” котормосундан билүүгө болот. Монографиянын орус тилиндеги котормосунун ичиндеги тексттерде “светскость”/ (“светский”) сөздөрү колдонулган. Мындан башка орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринен дагы көрүүгө болот. Изилдөөчү П.Л. Бергер агартуучу жана прогрессивдүү ойчулдар “эскиче” (артта калган), “ырымчыл” сыяктуу нерселерди секуляризм жок кылат деген ойдо экендигин белгилейт (Berger, 2002: 14). Негизи секуляризм тарапкерлери динди эскиче (артта калган), ырымчыл нерсе катары карашат. Алардын идеясы динсиз, башкача айтканда жогорку күчкө болгон ишенимди жок кылуу болгон. Ал эми секулярдаштыруу түшүнүгүн алгачкы жолу Августин Аврелий киргизгендиги маалым. Бирок ал терминди киргизген эмес, мамлекет жана дин жөнүндө секулярдаштыруу түшүнүгүн эмгегинде жазгандыгы маалым.

Секуляризация латын тилиндеги “secularity” сөзүнөн англис тили аркылуу жайылган. Секуляр сөзү латын тилинде “учурдагы доор/заман” маанисин түшүндүргөн “seaculum” сөзүнөн куралган (Swatos, Chiristiano,1996: 211; Attas, 2003: 40). Ал эми батыш изилдөөчүлөрү секуляризмдин тарыхый процессин бир канча этапка бөлүшөт. Аны менен бирге 4-5-кылымдардан баштап болжолдуу “доордун руху” деген пикирдин уландысы катары “дүйнө” маанисин да өз ичине камтыган. Секуляризм термининде орун алган, тарыхый жактан убакыт-мейкиндик коннотациясы Грек-Рим жана Иуда салттарынын батыш христиандыгы ичинде биригүүсүнөн улам пайда болгон тиркемелерден куралган деп айтууга болот. Ал учурда да терминге баш аламан аныктамалар берилген. Мисалы мурда “чексиз убакыт” сыяктуу маанини түшүндүрсө, учурда расмий христиан дубаларынын аягында орун алган “түбөлүк дүйнө” же “түбөлүктүү” сыяктуу фразалар латынчада сеакулум (seaculum) сөзүнүн котормосу. Сеакулум термини шайтандын бийлиги астындагы “бул дүйнөгө” (дүйнөбий) ишарат кылган диний тараптан терс термин катары колдонулган (Hill, 1973: 229). Термин “сырткы дүйнө” маанисин да туюнтат. Мисалы, сырткы дүйнөдөн обочолонуп расмий “жашоо дисциплинасы” ичинде жашаган монастырь, дин кызматчылары, сырткы дүйнөдө адамдарга кызмат кылган жамаат (махала) дин кызматчылары маанисин туюнткан “секуляр” пасторлордон бөлүнгөн. Бирок сөз ошол эле учурда Теңирге туура келбеген жашоо же жашоо түрү маанисинда түшүндүрөт. Ошондуктан адамдар “дүйндөн” качуу үчүн монастырь жашоосуна киришкен. Термин кийинчерээк атуулдук укук менен чиркөө укугун, граждандык менчик менен чиркөө мекчигин бөлүү үчүн колдонула баштаган (Swatos,

Chiristiano,1996: 211; Hill,1973: 229). “Секуляризация” сөзү алгачкы жолу 1644-48-жылдарында католиктер менен протестанттар ортосунда узак убакытка созулган диний согуштун аягында “Вестфал” келишиминде колдонулган. Бул сөз менен чиркөөгө тиешелүү менчикти коомдук менчикке өткөрүү баяндалат. Ошентип расмий кагазда алгачкы жолу колдонулган “секулярдаштыруу” сөзү менен диний бийликке тиешелүү дүйнөлүк мүлктөрү жана башкаруу светтик бийликке берилген (Altıntaş, 2005: 58; Hocaoğlu, 1994: 49. Жогоруда белгилүү болгондой, секуляризация термини Ватикан диний укугунда христиан тарикаттарынын жолдоочусу “дүйнөгө” (светтик) багыт алышын көрсөтөт деп айтууга болот (Козукулов, Жумабай уулу, Маметова, 2022: 96). Секуляризмди илимий айлампада термин катары 1710-жылы пайдаланылган. Ошондой эле теориясы да пайда болгон.

Секуляризм теориясы теория эмес доктрина деп белгилейт (Swatos, Christiano, 2002: 97; Hadden, 2002: 125). Изилдөөчү Беллах болсо мындай дейт: Коомдук илимдин диний табияты бар. Бул аныктама башты айлантат, бирок мен билип туруп атайын колдондум. Көздөгөнүм: коомдук илимдер диний темаларды изилдөөгө алгандан мурда анын өзүндө диний жүзү бар (Bellah, 2002: 161-162) экендиги. Ошол эле учурда коомдук илимдер тармагында секуляризм ыйыкташтырылып “ишеним” абылына алып келинди (Swatos, Christiano, 2002: 97). Лаицизм (светтик) мамлекет түшүнүгү эч бир диний ишенимге жана принциптерге негизделбеген өлкөнү айтат (Başgiş, 2007: 152).

**Светтик өлкөлөрдө диний билим же маалымат берүү**

Менин Фред Шелдон Мсевигва өз изилдөөсүндө кийинки светтик швед коому жана мультикультуралык коомдун пайда болгонуна карабай динди мектептерде окутууга актануу болуп келген жана улануuда деп айтам. Улуттук билим берүү агенствосунун диний билим берүү боюнча эки эксперти жана сегиз окуучу менен болгон интервьюмда бардыгы светтик швед коомунда диний билим берүүнүн улантуусу керектигин айтышкан. Бирок, мен өз изилдөөмө таянып окуу программасы жана мугалимдер кээ бир жагдайдан ар түрдүү диндерди толук камдуу бере албайт деп айтам (Mwesigwa Fred Sheldon, 2023). Биздин сурамжылоодо республиканттар: Мамлекеттик окуу жайларда диний маалыматтарды окутуусуна кандай карайсыз? 79.20% болот; 9.77% болбойт; 4.76 башка; 6.27 билбеймин деп жооп берген:

| 0-DK,1-Other,2-No,3-Yes | Freq. | Percent | Cum. |
|---|---|---|---|
| 0 | 25 | 6.27 | 6.27 |
| 1 | 19 | 4.76 | 11.03 |
| 2 | 39 | 9.77 | 20.80 |
| **3** | **316** | **79.20%** | **100.00** |
| Total | 399 | 100.00 | |

Шведцияда диний билим берүү шариаттан сырткары мектептин милдеттүү предмети болуп эсептелет. Ал биринчи класстан баштап мектеп бүткүчө уланат. Бул интеграцияланган мектеп предмети Европа Кеңеши жана ЕККУ жетекчилигине алган принциптерине дал келет. Окуучулардын маданияты жана ишенимине карабай баарына ар түрдүү динди окутат. Диний билим берүүсүнүн милдеттүүлүгү күмөн жаратат, бирок Адам Укугунун Европа Кеңешинин талаптарына дал келет, качан Шведция “маалымат объективдүү жана плюралисттик түрүндө берилет” деп кепилдик берип турганда. Шведцияда диний билим берүү Европа Кеңеши тарабынан рекомендацияланган идеалдуу кеңири таратылышы керек деп сунушталат (Berglund Jenny). Чиркөө менен мамлекетти так бөлүү. Бул өлкөлөрдө чиркөө менен мамлекетти катуу бөлүү сакталууда. Франция мунун чыныгы мисалы. Атайын өзүнчө дин предметтери окутулбайт, бирок тарых, география жана адабият сабактарында окутулат. Мындай жагдайда мамлекет мектептерде дин сабактарын сунуштабай нейтралдуулукту сактайт жана анын ордуна үй-бүлө жекелик түрдө уюштура алат (Berglund Jenny). Шведцияда мамлекеттик секуляризмди либералдуу интерпретациялайт, диний практикага ыңгайлашып ар түрдүү диний көз караштагы коомчулукка айтууга жол берилет. Ошондой эле социомаданий деңгээлдин жогору болуусу светтик түшүнүк Франциядан айырмаланат (Serdara, Oztürk, Giritli, 2023). Лаицизмдин модели мамлекеттик мектептерде конкреттүү динди окутууну четке кагат. Анын жөнөкөй мисалы Франция, мектеп системасында окуу учурунда же анын айланасында динди окутууга болбойт (Estivalèzes, 2003: 60; Willaime, 2014: 110, 112). Себеби мамлекет коомдук аймактан тагыраак айтканда мектептерде бардык диндерге тең салмактуулукту камсыз кылып жана динди жеке жашоосунун чечимине ишеним көрсөтүү менен нейтралдуу позицияны кармангандыгында (Topalović, 2023: 75-101).

Учурда республика аймагында бардык мектептерде Диндердин өнүгүү тарыхы сабагын тарых мугалимдери окутуп жатышат. Кээ бир окуткан тарых мугалимдери теолог адистерге көйгөйлөр менен кайрылып жатышат. Бул сабакты окутууда окуучулардын суроолоруна жооп таба алышпай кыйналып жатышкандыгын айтышууда. Негизинен мазхаптар жана фикх маселелери боюнча такыр маалыматы жок болгондуктан, китепти кыскача эле берилгендиктенби ушул жаатта суроолор жоопсуз калып жаткандыгын белгилешүүдө (Козукулов, 2024: 211).

2014-жылы февраль айында өткөн Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин отурумунда “Эгемендүүлүк алган күндөн баштап мамлекет дин жаатында өзүн узак кармоо саясаты туура эмес, мындан кийин мамлекет динди жөндөйт” жыйынтыкка келген. Ошол жыйынтыктын негизинде бир канча иш чара жана багыттарды белгилеген. Ал мамлекет тарабынан аткарылуусу керек болгон иш чаралар. 4 приоритеттүү багыттарды белгилеп атайын жумушчу топ түзүшкөн. Аны менен бирге КРнын 2014-2020-жылдар арасында дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясы. Ал концепцияда 3 негизги приоритет каралган. Алар 1) Диний уюмдар менен мамлекеттик мекемелердин ортосундагы байланышты жакшыртуу 2) Диний билим берүү жана дин таануу сабагын жөнгө салуу 3) Диний экстремизм, радикализм жана терроризмди алдыналуу иш чаралары (Караңыз: КРнын дин чөйрөсүндөгү саясатынын концепциясы). 2016-жылдан баштап Бишкек жана Ош шаарларында жайгашкан 11 мектепке Диндер маданиятынын тарыхы сабагын пилоттук негизде киргизишкен. Ал сабак башталбай туруп эле даярдалган окуу китеби коомчулукта чоң резонанс жаратса да болбой эле оңдогон сыяктуу көрсөтүлүп киргизилген. Социалдык

түйүндөн эле китеп ислам көз карашына туура келбеген жерин эле көрсөтүлгөндөн кийин, аны кайра 3 жолу оңдоп түзөтүүлөр деп кайра даярдашкан. Акыркы 3-басылышынан кийин дагы эксперт, адистер тарабынан китепке карата терс натыйжа берилгендиктен бул предметти күчкө салып түртүү басандап калган болчу. 2020-жылы Кыргызстанда бийлик алмашкандан кийин, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин Указы чыкты. Ал указда орто мектептерде 7-8-9-класстарга “Диндердин өнүгүү тарыхы” предметин киргизилүүсү буйрук кылынган. 2023-2024-окуу жылында 9-класстар гана башталды. 2024-2025-окуу жылынан баштап 7-8-класстарга да киргизилгени маалымдалды. Сабактын тематикалары жана окуу планында талаш тартыштар ар түрдүү көз караштар болуп жатат. Бул предметтин тематикалары жана стандартын даярдоо Кыргыз Билим берүү академиясына жүктөлгөн. Ал академияда ушул багытта иштеп келген кызматкерлерге эмес башкаларга жүктөлгөн. Президенттин УКАЗында Диндердин өнүгүү тарыхы сабагын теологодор окутат. Эгер теолог жок болсо тарых мугалимдери окутат деп көрсөтүлгөн. Теология факультети жогоруда белгиленгендей белгилүү учурга чейин дин таануучу квалификациясын ыйгарган. Дин таануучу квалификациясына ээ болгондор айрым райондордо Диндерди өнүгүү тарыхы сабагынокутканга болбойт деп жумушка албай коюшту. Алар дагы де-юре дин таануучу болгону менен дефакто теолог. Аны жалпы коомчулук жана дин чөйрөсү ошондой деп кабыл алышат. Учурда көпчүлүк республика аймагында көпчүлүк мектептерде Диндердин өнүгүү тарыхы сабагын тарых мугалимдери окутуп жатышат. Кээ бир окуткан тарых мугалимдери теолог адистерге көйгөйлөр менен кайрылып жатышат. Бул сабакты окутууда окуучулардын суроолоруна жооп таба алышпай кыйналып жатышкандыгын айтышууда. Негизинен мазхаптар жана фикх маселелери боюнча такыр маалыматы жок болгондуктан, китепти кыскача эле берилгендиктенби ушул жаатта суроолор жоопсуз калып жаткандыгын белгилешүүдө. Демек бул жаатта дагы көп жумуш жасалышы керек. Диндердин өнүгүү тарыхы предметинин максаты окуучуларга диндер тууралуу маалымат берилүүсү каралган. Ошондой эле кыргыз жарандарынын ата бабасы карманып келген салттуу ислам тууралуу да маалыматтар берилет. Мектепте дин үйрөтүлбөйт, башкача айтканда ибадаттар үйрөтүлбөйт болгону маалыматтык иретте гана окутулат. Негизи окуучулар ата бабасы карманып келген матуридий жана ханафийлик жөнүндө кабардар болуусу үчүн маалыматтар берилет. Андан башка мазхаптар кыргызстанга жат экендигин көрсөтүү. Ал экстремизм, радикализм жана терроризмди алдын алуу иш чарасына негизделет. Мамлекеттик окуу жайларында диний маалыматтар берилүүсүнө респоденттердин 79.20% берилиш керек дегендиги светтик мамлекетте окутулса болот деген ойдо.

**Корутунду**

Диний билим берүүнүн Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына караштуу диний окуу борборлору, медреселер, институттар жана университет бар. Биз бул изилдөөдө ал тармакка кирбедик. Болгону учурдагы орто мектептерде диний маалыматтардын берилүүсү талап кылынган “Диндердин өнүгүү тарыхы” предметине токтолдук. Ошол эле учурда батыш өлкөлөрүнүн диний маалыматты берүүдөгү айырмачылыктарды көргөзгөнгө аракет жасадык. Кыргызстанда диний билим берүүнүн негизги көйгөйлөр атап кетсек, мамлекеттик жана диний билим берүүнүн чегин так аныктоо; мыйзамсыз же лицензиясы жок диний окуу жайлардын ишмердүүлүгү; жаштарды радикалдуу диний агымдардын таасиринен коргоо; квалификациялуу диний педагогдордун жетишсиздиги; окуу программаларынын мамлекеттик талаптарга шайкеш келүүсүн камсыз

кылуу. Ал эми туура уюштурулган диний билим берүү артыкчылыктары: жарандардын руханий жана адеп-ахлактык тарбиясына көмөк көрсөтөт; диний сабаттуулукту жогорулатат; радикалдуу жана экстремисттик идеяларга каршы иммунитет түзөт; ар түрдүү дин өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү күчөтөт; улуттук жана маданий баалуулуктарды сактоого жардам берет.

**Колдонулган адабиттар**


1. Козукулов, Т. (2024). Кыргыз республикасынын дин чөйрөсүндөгү саясатынын негизинде диний билим берүү жана дин таануу предмети маселеси. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (2), (203–212). https://doi.org/10.52754/16948610_2024_2_20
2. Козукулов, Т., Жумабай уулу, И., & Маметова, М. (2022). Мамлекет менен диндин байланышы жана светтик принцип. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (3), (94–107).
3. Макбрайен Джули. (2023). От секуляризма к исламу: Религия в современном кыргызстане. Перевод с английского на русский Марина Минеева. Бостон/Санкт-Петербург.
4. Президент Садыр Жапаров диний ишмерлер менен жыйын өткөрдү. (08/11/2024) https://president.kg/kg/news/21/26124 (youtube каналында талкуунун жүрүшүндө видеодо көрсө болот)
5. Altıntaş R. (2005). Din ve sekülerleşme. İstanbul: Pınar yayınları
6. Başgiş Ali Fua3. (2007). Din ve laiklik. -İstanbul: Yağmur yayın evi, 8. baskı. (317)
7. Bellah R.N. (2002). Din ile sosyal bilim arasında. //Sekülerizm sorgulanıyor 21.asırda dinin geleceği. Derleyen ve çeviren Köse Ali. İstanbul: Ufuk yayınları.
8. Berger P.L. (2002). Dinin krizinden sekülerizmin krizine. //Sekülerizm sorgulanıyor 21.asırda dinin geleceği. Derleyen ve çeviren Köse Ali. İstanbul: Ufuk yayınları.
9. Berger P.L. (2002). Sekülerizmin Gerilemesi. //Sekülerizm sorgulanıyor 21.asırda dinin geleceği. Derleyen ve çeviren Köse Ali. İstanbul: Ufuk yayınları.
10. Berglund Jenny. (2023). Swedish Religion Education in Public Schools—Objective and Neutral or a Marination into. // Oxford Journal of Law and Religion. 00. 1–13
11. Estivalèzes M. (2005). *Les religions dans l'enseignement laïque*. Paris: Presses Universitaires de France,. 325 p.
12. Hadden J.K. (2002) Sekülerizmden dönüş. //Sekülerizm sorgulanıyor 21.asırda dinin geleceği. Derleyen ve çeviren Köse Ali. İstanbul: Ufuk yayınları.
13. Hill M. (1973). A Sociology of Religion. – London: Published by Heinemann Educational Boks Ltd. (285).
14. Hocaoğlu D. (1994). Sekülarizm, Laisizm ve Türk Laisizmi. //Türkiye Günlüğü, Temmuz-Ağustos. (35-77)
15. Kozukulov, Timur. (June 2020). "Bağımsızlık Oncesi ve Sonrası Kırgız Toplumunda Din ve Dinı Kurumlar Üzerine Bir Analiz" [An Analysis on Religion and Religious İnstitutions in

Kyrgyz Society Before and After the İndependence], Hitit Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi- Journal of Divinity Faculty of Hitit University, 19/1: 173-206. -14-б.

16. Lutheran Protestantism? (2023). // Oxford Journal of Law and Religion. 00, 1–13
17. Mcbrien Julie. (2017). From Belonging to Belief Modern Secularisms and the Construction of Religion in Kyrgyzstan. Pittsburgh: University of Pittsburgh Press
18. Mwesigwa Fred Sheldon. (2003). TEACHING RELIGION IN A SECULAR SWEDISH SCHOOL SYSTEM: Rationale, Challenges and Recommendations. // Journal of development, education& technology ISSN 2959-0523 VOL. I NO 2 (JUNE 2023)
19. Serdara Ayse, Oztürk Ebru, Nygren Katarina Giritli. (2023). A typology of right-wing populism in Europe: Intersections of gender, religion and secularity. // Women's Studies International Forum 97 (2023) 102680
20. Stark Rodney. (2002). Toprağın bol olsun sekülerleşme. // Sekülerizm sorgulanıyor 21. Asırda dinin geleceği. Derleyen ve çeviren Köse Ali. İstanbul: Ufuk yayınları.
21. Swatos W.H., Christiano K.J. (2002). Sekülerleşme teorisi: bir kavram serüveni. //Sekülerizm sorgulanıyor 21. Asırda dinin geleceği. Derleyen ve çeviren Köse Ali. İstanbul: Ufuk yayınları.
22. Topalović Said. (2023). Religijsko obrazovanje u sekularno uređenom državnom sistemu: primjer islamskog obrazovanja u Saveznoj Republici Njemačkoj. // Časopis za interdisciplinarne studije 10:1. 75-101
23. Weber M. (1946). Science of the Vocation: -139-б.
24. Willaime J.-P. (dir.). (2014). *Le défi de l'enseignement des faits religieux à l'école. Réponses européennes et québécoises*. Paris: Riveneuve Éditions. 358 p.